vhs
DVV International

Education for Everyone.
Worldwide. Lifelong.

# Кыргыз Республикасындагы чоңдорду окутуу жана билим берүү(ЧОББ) жаатында адистерди даярдоо жана кайра даярдоо системасына анализ

Federal Ministry
for Economic Cooperation
and Development

германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

*Кыргыз Республикасындагы чоңдорду окутуу жана билим берүү(ЧОББ) жаатында адистерди даярдоо жана кайра даярдоо системасына анализ.*

***2020***

## Мазмуну

**Киришүү** ............................................................................. Error! Bookmark not defined.

**АББРЕВИАТУРАЛАР** ............................................................................................................5

**НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ЖАНА ТЕРМИНДЕРДИН ТИЗМЕСИ**.................................................6

**I БӨЛҮМ. КР ЧОББТ АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫНА АНАЛИЗ** .......................................................................................7

КР ЧОББ ЖААТЫНДА АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ 7

КР ЧОББ ЖААТЫНДА АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫН КАРЖЫЛОО

ЧОҢДОРГО БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДА АДИСТЕРДИН ЧЕБЕРЧИЛИГИН АРТТЫРУУДАГЫ ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ЧӨЙРӨ 17

МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО 23

**II БӨЛҮМ. КЕЛИП ЧЫККАН КӨЙГӨЙЛӨР** ......................................................................24

**III БӨЛҮМ . СУНУШТАР**..................................................................................................24

**АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.........................................................................................26

**ТИРКЕМЕЛЕР**.....................................................................................................................27

## Киришүү

Чоңдорго кошумча билим берүү - бул коомдогу динамикалык социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында жашы жеткен калктын кесиптик жана инсандык өнүгүүсүн, өмүр бою билим алуусун камсыз кылган үзгүлтүксүз билим берүү системасынын ажырагыс компоненти. ЧОББ эң актуалдуу маселелердин бири - ЧОББ жаатынын адистерин даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу болуп саналат. Аларды даярдоо адистештирилген "дисциплиналар аралык" мамилени талап кылат, анткени ЧОББ жаатынын адиси билим берүүнүн мазмунун аныктоодо, окутуунун формалары жана методдорунун тутумун тандоодо чоңдордун айрым топторунун өзгөчөлүктөрүн, угуучулардын кесиптик, жеке жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек. Ошентип, чоңдорго билим берүү жаатынын натыйжалуулугу жогорку өндүрүмдүү кадрдын дараметинене, жана ЧОББ жаатында адистерди даярдоо системасынын институционалдык түзүмүнө байланыштуу болот.

Изилдөөнүн максаты - ЧОББ жаатында адистерди даярдоо жана кайра даярдоо чөйрөсүндөгү учурдагы кырдаалды баалоо жана ЧОББ жаатында адистерди даярдоо жана кайра даярдоо чөйрөсүн андан ары өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу. "Чоңдор үчүн кошумча билим берүү", "өмүр бою билим берүү" жана "чоңдорду окутуу жана билим берүү " түшүнүктөрүн чечмелөөдөгү айырмачылыктарга карабастан, бул аналитикалык документте терминдер синоним катары колдонулат. Мындан тышкары, ушул документтин алкагында, "андрагог адиси" түшүнүгү киргизилген, ал чоңдорго билим берүү жаатында иштеген андрагогдорду[1], тренерлерди, окутуучуларды даярдоодо, кайра даярдоодо жана алардын квалификациясын жогорулатууда түздөн-түз катышат. Кыргыз Республикасында ЧОББ 16 жаштан жогорку адамдардын билимине байланыштуу деген түшүнүк болгондуктан, башталгыч кесиптик билими берүү, орто кесиптик билим берүү, жогорку билим берүү жана кошумча кесиптик билим берүү системасында билим берүү ишин жүргүзгөн педагогдор жана окутуучулар, формалдуу эмес сектордо, ЧОББ жаатындагы адистер, андрогог- окутуучулар, тренерлер катары эсептелет. Терминдердин трактовкасын чечмелөөдөгү бул тактоо ушул аналитикалык документти окуп жатканда кабылдоону жөнөкөйлөтүү максатында чагылдырылышы керек. (1-тиркеме)

Документтин биринчи бөлүмү Кыргыз Республикасында ЧОББ жаатында адистерди даярдоонун жана кайра даярдоонун учурдагы системасын анализдөөгө арналган, ал ченемдик укуктук жөнгө салуунун жалпы маалыматын, системаны каржылоонун сүрөттөлүшүн, ошондой эле окутуучу-андрогогдорду, тренерлерди окутуунун жана кайра даярдоонун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү жана баалоону камтыйт. Ушул эле бөлүмдө чоңдорго билим берүү жаатындагы адистердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу үчүн институционалдык чөйрө каралат. Аналитикалык документтин экинчи бөлүмүндө көйгөйлөрдүн симптоматикасына көңүл бурулат. Акыркы үчүнчү бөлүм практикалык сунуштарды камтыйт.

Бул изилдөө төмөнкү кабинеттик анализдин негизинде жүргүзүлдү:

- ЧКББ (чоңдорго кошумча билим берүү), билим берүү системасына, даярдоо, кайра даярдоо жана адистердин квалификациясын жогорулатууга байланыштуу ЧУА,
- Өкмөттүн, министрликтин жана ведомстволордун, эл аралык уюмдардын отчетторунун,
- ББжИМ программалык бюджетинин негизинде.

[1] Андрагог - иш мазмуну чоңдорго билим берүү жаатына байланыштуу адистердин жалпы аталышы

Маалымат топтоо үчүн ар кандай чөйрөдөгү (мамлекеттик башкаруу, билим берүү, айыл чарба, журналистика, консалтинг, медиация) адистер менен терең маектешүүлөр жүргүзүлдү. ЧОББ жаатындагы ар кандай иш-аракеттерди жүргүзгөн ар кандай субъекттердин (коммерциялык эмес уюмдардын жетекчилери, тренерлер, эксперттер, Ассоциациялардын мүчөлөрү, формалдуу сектордук мекемелердин адистери ж.б.) пикирлерин эске алуу менен учурдагы жүргүзүлүп жаткан андрогог-адистерди даярдо жана кайра даярдоо системасын сүрөттөө келип чыкты.

Респонденттердин жана андрагогиканы алга жылдыруу жана өнүктүрүү жана ЧОББ жаатынын адистерин даярдоо, кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу системасына кызыкдар тараптардын тизмесин түзүү "кар бүртүкчөсү" ыкмасынын негизинде жүргүзүлдү. Ошентип, формалдуу жана формалдуу эмес секторлор менен 25тен ашуун тереңдетилген маектешүүлөр жүргүзүлдү. Маалымат чогултуу үчүн куралдар (анкеталар жана гайддар) иштелип чыкты.

ЧОББ жаатынын адистерин окутуу жана кайра даярдоо системасын андан ары өркүндөтүү максатында чечим кабыл алуучу тараптарга сунуштар иштелип чыкты. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында андрагогиканы өнүктүрүү максатындагы бул изилдөөлөрдүн жүрүшүндө аныкталган кызыкдар тараптар ЧОББ жаатындагы адистерди даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу сиситемасын андан ары чыңдап жана куруп жаткан потенциалдуу алгачкы өнөктөштөрдөн болушу мүмкүн.

## АББРЕВИАТУРАЛАР

| | |
|---|---|
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| КРПМБА | Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясы |
| ЖКББ | Жогорку кесиптик билим берүү |
| МКК | КР мамлекеттик кадр кызматы |
| ЧКББ | Чоңдорго кошумча билим берүү |
| ЕРӨБ | Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы |
| СӨИ | Саясатты өнүктүрүү институту |
| КЧББА | Кыргыз чоңдорго билим берүү Ассоциациясы |
| КММККДжКЖИ | С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кадрларды кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту |
| КМУ | Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ДМЧА | Ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адам |
| ЧКАТ | Чечим кабыл алуучу тарап |
| КР ССМ | КР Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| ББжИМ | КР Билим берүү жана илим министрлиги |
| ЭСӨМ | КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги |
| ФМ | КР Финансы минстрлиги |
| КЭУ | Коммерциялык эмес уюм |
| БКББ | Башталгыч кесиптик билим берүү |
| БКББА | Башталгыч кесиптик билим берүү Агенствосу |
| ЧОББ | Чоңдорду окутуу жана билим берүү |
| КРӨ | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| РИМБ | Республикалык илимий-методикалык борбор |
| БСОМС | Бюджетти сарптоонун орто мөөнөттүү стратегиясы |
| ОКББ | Орто кесиптик билим берүү |
| ББӨС | Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы |
| СӨП | Соода-өнөр жай палатасы |
| КӨФ | Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду |
| ЧОБ | Чоңдорду окутуу борбору |
| ТӨМ | Туруктуу өнүгүүнүн максаттары |
| GIZ | Германия Эл аралык кызматташуу коому |
| ICMCI | Башкаруучу консалтинг уюмдарынын эл аралык кеңеши |
| IT | Мааалыматтык технологиялар |
| СМС Казахстан | Казакстан менджмент боюнча кеңешчилер палатасы |

## НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ЖАНА ТЕРМИНДЕРДИН ТИЗМЕСИ

**аккредитация** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге шайкештигин таануу үчүн, билим берүү уюмунун же билим берүү программасынын, жалпы билим берүү уюмунун же анын айрым билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоо процедурасы;

**андрагог** – иш мазмуну чоңдорго билим берүү чөйрөсүнө байланыштуу адистердин жалпы аталышы;

**бюджеттен тышкаркы билим берүү ишмердүүлүгү** – мамлекеттик билим берүү уюмдарында акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтары;

**жогорку кесиптик билим** – билим берүү программаларына жана стандарттарына тиешелүү деңгээлдеги адистерди окутуу, даярдоо, кайра даярдоо;

**чоңдорго кошумча билим берүү** - билим берүү стандарттарын тынымсыз өркүндөтүүгө байланыштуу жумушчулардын, кызматкерлердин, адистердин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу максатында адамдын муктаждыктарын кыйла толук канааттандыруу;

**кошумча кесиптик билим берүү** – кесиптик билимге ээ адамдардын кесиптик жана кесиптик квалификациялык талаптарына ылайык негизги кесиптик билим берүү программасынан тышкары, кесиптик билимин өркүндөтүүгө жана кесиптик кайра даярдоого багытталган жана бул адамдардын ишкердүүлүгүн жана чыгармачыл жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган билим берүү.

**лицензиялоо** –билим берүү уюмдарына билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде кепилденген билим сапатын камсыз кылуу максатында уруксат берүү;

**билим берүү** – билим алуучунун мамлекет тарабынан белгиленген билим деңгээлдерине жеткендиги билдирүүчү, инсандын, коомдун жана мамлекеттин гармониялуу өнүгүүсү үчүн тарбиялоонун жана окутуунун үзгүлтүксүз, системалуу процесси. Билимге ээ болуу билим алуучунун тиешелүү документ менен тастыкталган, белгилүү бир билим деңгээлге жетишүүсү жана ырасталышы түшүндүрүлөт.

**Билим берүү стандарты** – негизги билим берүү программаларынын билим берүүчүлүк минимумун, бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына карата базалык талаптарды, окуучулардын максималдуу окуу жүктөмүнө жол берүүсүн аныктаган ченемдердин жана эрежелердин жыйындысы;

**андрагог-адис** – чоңдорду окутуу жаатында иштеген андрагогдорду, тренерлерди, окутуучуларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча иш алып барган адис

**ЧОББ жаатындагы адис** – андрагог, окутуучу-андрагог, тренер.

## I БӨЛҮМ. КР ЖҮРГҮЗҮЛҮП ЖАТКАН ЧОББ ЖААТЫНДАГЫ АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫ

### ЧОББ ЖААТЫНДАГЫ АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ

КР билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары КР Конституциясында, мыйзамдарында, Өкмөттүн токтомдорунда, ББжИМ жоболорунда, улуттук стратегияларында жана бир катар башка докуметтерде чагылдырылган. Азыркы учурда ЧОББ секторун мыйзам деңгээлинде жөнгө салуу фрагменттик мүнөзгө ээ жана бардык элементтерди бир тутумга камтыбайт. ЧОББ секторун жөнгө салуучу негизги ЧУА тизмеси 2 -тиркемеде берилди.

ЧОББ жаатындагы адистерди даярдоо жана кайра даярдоо системасынын укуктук жөнгө салуучу өзгөчөлүктөрүнө кененирээк токтолобуз. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына ылайык, ЧКББ (кадрларды кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатуунуну чогуу алганда) билим берүү уюмдарынын ар кандай түрлөрү жана типтеринин системасы аркылуу жүзөгө ашырылат:

- негизги билим берүү программаларынан тышкары жалпы жана кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдарында;
- кошумча билим берүүчү билим берүү уюмдарында (квалификациясын жогорулатуу курстарында, музыкалык жана искусство мектептеринде, сүрөт окуу жайларында жана башка тиешелүү лицензиялары бар билим берүү уюмдарында);
- жекече педагогикалык ишмердүүлүк аркылуу.

Кыргыз Республикасында ЧОББ 16 жаштан жогору адамдарды окутуу катары түшүндүргөндүктөн, БКББ, ОКББ, ЖКББ жана башка окуу борборлорундагы, анын ичинде формалдуу эмес окуу борборундагы 16 жаштан жогору адамдарды окуткан окутуучулар, чоңдорду окуутуучу адистерди даярдоо системасына тиешелүү предметти изилдей турган андрогог-окутуучулар болуп саналат. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамында педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенген бардык адамдар тиешелүү педагогикалык квалификацияларга ээ болууга тийиш. Репетитордук жана тренинг түрүндөгү сабактар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган ишмердүүлүк көндүмдөрүнө окутуу учурлары өзгөчө каралат. ("Билим берүү жөнүндө" мыйзамдын 28-беренесине ылайык). Окутуу (окутуучулук) ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптар боюнча бул түзөтүү 2017-жылы кабыл алынган.

Кийинки белгилей кетүүчү жагдай, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, педагогикалык кызматкерлер квалификациясын системалуу түрдө өркүндөтүп, мамлекет жана билим берүү мекемелери бул үчүн зарыл шарттарды түзүп бериши керек.
(1-таблица)

***1-таблица. Педагогикалык кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатууга байланыштуу ЧУА беренелер.***

| № | ЧУА Фрагмент | ЧУА аталышы |
|---|---|---|
| 1. | 5-берене. Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн укугу.<br>Педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзүү укугу мыйзамда аныкталган керектүү жана тиешелүү педагогикалык квалификацияга ээ адамдарга таандык. Мугалим белгиленген тартипте беш жылда бир жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатууга укуктуу. | «Мугалим сатусу»[2] жөнүндө КР мыйзамы |

[2] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/391?cl=ru-ru

| | | |
|---|---|---|
| 2. | 17-берене. Педагогикалык кадрларды даярдоо<br>Кыргыз Республикасында мугалимдердин кесиптик даярдыгын ар кандай типтеги, түрдөгү жана менчик формаларындагы кесиптик педагогикалык орто жана жогорку окуу жайлары окуу жайлары жүзөгө ашырат. Кесиптик педагогикалык билим берүү мекемеси өзүнүн иши үчүн жеке адамдын, мамлекеттин жана коомдун алдында жооп берет. Кесиптик педагогикалык билим берүү мекемесинин ишин анын уставында каралган максаттарга шайкештигин контролдоо иши тиешелүү компетенциясынын чегинде кесиптик педагогикалык билим берүү мекемесинин уюштуруучусу (уюштуруучулары) жана ушул чөйрөдөгү билим берүүчү ишмердүүлүк жүргүзүүгө лицензия берген ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. | «Мугалим статусу» жөнүндө КР мыйзамы |
| 3. | 18-берене. Мугалимдик кадрлардын квалификциясын жогорулатуу жана кайра даярдоо<br>Мамлекет мектепке чейинки билим берүүчү, жалпы билим берүүчү, мектептен тышкаркы билим берүүчү, атайын билим берүүчү уюмдардын, бардык типтеги мекемелердин балдар жана өспүрүмдөр үчүн кошумча билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүүгө кепилдик берет. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары, кошумча кесиптик билим берүү уюмдары менен түзүлгөн келишим менен юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. | «Мугалим статусу» жөнүндө КР мыйзамы |
| 4. | 21-берене. Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери<br>Мамлекет башталгыч кесиптик билим берүүчү мамлекеттик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын квалификациясын беш жылда бир жолудан кем эмес жогорулатуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө кепилдик берет. Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери мезгил-мезгили менен аттестациядан өтүп турушат. | «Башталгыч кесиптик билим берүү жөнүндө» мыйзам[3] |
| 5. | VI. Орто кесиптик билим берүү мекемесинин кызматкерлери<br>ООЖ жетекчилиги кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл шарттарды түзөт. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу ООЖ бюджетинин жана бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу 5 жылда бир жолудан кем эмес кошумча кесиптик билим берүү уюмдарында, жогорку окуу жайларында, илимий, илимий-методикалык жана башка мекемелерде жана уюмдарда окутуу жана (же) стажировка жолу менен, даярдоо жана коргоо жолу менен, диссертация же башка формаларда жүзөгө ашырылат. | КР орто кесиптик билим берүүчү билим берүү уюму жөнүндө жобо[4] |
| 6. | I. Жалпы жоболор<br>ЖОЖ адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү адистердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле илимий жана илимий-педагогикалык кызматкерлерди даярдоону жүзөгө ашырат. | КР жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюму жөнүндө жобо[5] |
| 7. | VII. ЖОЖ кызматкерлери<br>Илимий-педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу белгиленген тартипте ЖОЖдын атайын бөлүмдөрүндө, ошондой эле кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча окуу жайларында жүргүзүлөт. | |

[3] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/292

[4] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55078?cl=ru-ru

[5] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55077?cl=ru-ru

Мындан ары, чоңдорду башка түзүмдөрдө окуткан адистерге кандай талаптар коюлгандыгын ЧУА карап көрөлү.

*Кыргыз Республикасынын[6] мамлекеттик кызматкерлерин жана муниципалдык кызматкерлерин окутууга мамлекеттик заказ жөнүндө жобого ылайык, кызматкерлерди окутууга мамлекеттик заказ Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу Академиясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик заказды толугу менен жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, КРПМБА мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү мыйзамдарга ылайык, мамлекеттик заказды билим берүү уюмдарынын арасында жайгаштырат, ошондой эле мамлекеттик заказды тренерлерди (консультанттарды) тартуу менен жүзөгө ашырат. Ушундай эле жеке провайдерлер менен өз ара аракет жүргүзүү практикасы жумушсуз жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобого ылайык[7] ЭСӨМ алкагында бар. Ошентип, көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу максатында, расмий түрдө жумушсуздардын жана жумуш издөөчүлөрдүн кесиптик даярдоосун, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу боюнча талаптарга жооп берген жеке провайдерлер БКББ субъектилери (мамлекеттик лицейлер жана мектептер) менен атаандаша алышат.*

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык базасында чакан ишкерчилик үчүн кадрларды даярдаган, кайра даярдаган жана квалификациясын жогорулаткан мекемелерге жана уюмдарга жеңилдиктер түрүндө колдоо көрсөтүү каралган. Ошентип, "Чакан ишкердикти мамлекеттик колдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 18-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чакан ишканалар үчүн кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана окутуу системасынын өнүгүшүн камсыз кылат. Мисалы, 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын алдында Бизнес билим берүү борбору түзүлүп, ал эл аралык донорлордун жана жеке салымдардын каржылык колдоосу менен ар кандай тармакта ишкерлер үчүн тренингдерди өткөрүп келет. Коммерциялык эмес уюмдун статусуна ээ болгон менен Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы салык жана финансылык жеңилдиктерге ээ.

**ЧОББ Улуттук стратегиялык документтерде**

ЧОББ жааты Кыргыз Республикасынын стратегиялык документтеринде көрсөтүлгөн, бирок ЧОББ жаатындагы адистерди даярдоо жана кайра даярдоо маселелери боюнча маалымат жок. Ошентип, ушул жылы аяктап жаткан 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясында "чоңдорго билим берүү жана формалдуу эмес билим берүүгө" арналган өзүнчө блок аныкталган. Стратегияда ЧОББ жаатындагы саясаттын артыкчылыктуу багыттары жазылган, алар билимсиз адамдар үчүн базалык билим берүүнү камтууну көбөйтүү, ЧОББ жааты үчүн мыйзамдык базаны өркүндөтүү, экономикалык жактан жигердүү калктын тез өзгөрүп турган талаптарына ылайыкташуу үчүн шарттарды түзүү, эмгек рыногу жана чоңдорго билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасы, ошондой эле кесиптик тажрыйбаны жана квалификацияны таануу системасын калыптандыруу болуп саналат. Бирок, ушул Стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттердин планында абстрактуу жана начар өлчөнүүчү индикатолорду камтыган төрт гана милдет берилген:

1) Жогорку билимдүү адистердин алган билиминин профилин эске алуу менен, кесиптик кайра даярдоо программаларынын болжолдуу тизмесин түзүү;
2) Региондук эмгек рынокторунун керектөөлөрүн эске алуу менен жумуш берүүчүлөрдүн талабы боюнча билим берүүчү кесиптик программаларды иштеп чыгу жана бекитүү

6 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96814?cl=ru-ru

7 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/99150?cl=ru-ru

3) формалдуу эмес чоңдорго билим берүү программалары боюнча иш берүүчүлөр талап кылган жалпы компетенцияларды өнүктүрүү;
4) Кесиптик кайра даярдоо программаларынын студенттеринин жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүүнү жөнгө салуучу типтүү жобону иштеп чыгуу

Ошондой эле жаңы 2040 ББӨС, (2020-жылдын октябрь айына карата, расмий бекитилген эмес), ЧОББ жаатына өзгөчө көңүл бурулат. Анда ЧОББ жаатындагы тармактык өзгөрүүлөргө таасирин тийгизген кыйла деталдуу маселелер жана аларды чечүү жолдору аныкталат. Ошентип, чоңдордун билим алуусуна бирдей жеткиликтүүлүк, сапатты жогорулатуу, башкаруу жана каржылоо жаатында негизги максаттуу багыттар аныкталды. Ошондой эле, Стратегиянын максаттарынын бири - чоңдорго билим берүү илимин - андрагогиканы өнүктүрүү болуп саналат. Башкача айтканда, тренер / андрагог кесибин мамлекеттик деңгээлде таануу жана андрагог- адистерди (окутуучулар, консультанттар, тьюторлор, маалыматтык-багыт берүү кызматтарынын кызматкерлери, чоңдорду өндүрүштө окутууну уюштуруучулар ж.б.) даярдоо.

2019-жылы жарандык сектордун эксперттеринен турган жумушчу топ 2020-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында ЧОББ жаатын өнүктүрүүнүн Концепциясын иштеп чыгышты, анын максаты 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү стратегиясына дал келет. Бирок, бул демилге азырынча мамлекеттик деңгээлде бекитиле элек.

**Регионалдык жана эл аралык контекст**

КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы тарабынан «Чоңдорго билим берүү жөнүндө»[8], "Агартуучулук ишмердүүлүк жөнүндө»[9] моделдик мыйзам актылар кабыл алынды. 2006-жылы чоңдордун билимин өнүктүрүү Концепциясы кабыл алынган, Көзкарандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышуучу- мамлекеттерде Чоңдордун билимин өнүктүрүү Концепциясын[10] ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыккан. Концепцияга ылайык, чоңдорго билим берүү КМШга катышуучу- мамлекеттерде билим берүү системасынын зарыл элементи катары таанылат, ар бир жарандын өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу укугунун кепилдигин камтыган, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн натыйжалуу фактору катары чоңдорго билим берүүнү жана агартуучулук ишмердүүлүктү пайдаланууда билим берүүнү өнүктүрүүнүн бир бүтүн системасы катары жүргүзүлөт[11]. Ошентип, КМШга катышуучу- мамлекеттердин Билим берүү жаатында кызматташуу боюнча Кеңеши тарабынан Чоңдордун билимин өнүктүрүү Концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы, анын ичинде ЧОББ жаатындагы адистердин квалификациясын жана (андрогогдордун) агартуучулук ишмердүүлүгүн жогорулатуу боюнча мамлекеттер аралык борборлорду (кафедраларды) түзүү боюнча сунуштарды даярдоо иш-чаралары иштелип чыкты. Белгилей кетүүчү нерсе, бул иш-чаралардын планынын натыйжалуулук индикаторлору өзүнө таандык сунуш берүүчү мүнөзгө ээ, мисалы, "типтүү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштар", "Андрагогика" адистигин адистиктердин тизмесине киргизүү жана анын илимий-усулдук жактан колдоо, "чоңдорго билим берүү жаатында агартуучулук ишмердүүлүгү боюнча диссертациялык изилдөөлөрдүн актуалдуу темаларынын тизмеси " ж.б. болуп саналат. Планды жүзөгө ашыруу менен Кыргыз Республикасында чоңдорго билим берүүнү өнүктүрүүгө жаңы дем бериши мүмкүн, бирок көрсөтүлгөн бул иш-чараларды жүзөгө ашыруунун натыйжалары ЧОББ жаатында чечимдерди кабыл алуу процесси улуттук деңгээлинде олуттуу таасир эткен жок.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасы 2000-жылдын апрелинде Дакар шаарында өткөн Дүйнөлүк Билим берүү Форумунун жыйынтыгында кабыл алынган Дакар келишимине ылайык, "Бардыгы үчүн билим берүү" глобалдык кыймылынын мүчөсү болуп эсептелинет.

[8] http://docs.cntd.ru/document/901914304
[9] https://www.lawmix.ru/abrolaw/6718
[10] http://base.garant.ru/70175762/
[11] http://cis.minsk.by/page/6870

"Бардыгы үчүн билим берүү" Дүйнөлүк Кыймылынын милдеттүү бөлүгү бул чоңдорго билим берүү жаатын өнүктүрүү болуп саналат.

Кыргызстан ЧОББ жаатындагы төмөнкү эл аралык келишимдерди ишке ашыруунун катышуучусу болуп саналат[12]:

- Чоңдорго билим берүү боюнча V Эл аралык конференцияда кабыл алынган Чоңдорду окутуу боюнча Гамбург Декларациясы (Гамбург, Июль 1997).
- Чоңдорго билим берүү боюнча София конференциясынын резолюциясы (София, Болгария, 2002-жылдын ноябрь айы), бардык деңгээлдеги бийлик органдары үзгүлтүксүз билим берүү чөйрөсүндө чондорго билим берүүнү өз саясатынын жана практикасынын көрүнүктүү жана ажырагыс бөлүгү кылышы керек деген.
- КМШга катышуучу- мамлекеттердин "Билимди жайылтуу жана чоңдорго билим берүү жаатында кызматташуу жөнүндө" макулдашуу.
- КМШга катышуучу- мамлекеттердин Билим берүү министрлеринин VIII конференциясында кабыл алынган «КМШга катышуучу- мамлекеттердеги чоңдорго билим берүү жаатын жана агартуучулук ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндө» чечимдер (2003-жылдын 12-13-майы, Россия, Москва)
- КМШ Өкмөт башчыларынын Кеңеши тарабынан 2006-жылдын 25-майында бекитилген КМШга катышуучу-мамлекеттерде чоңдорго билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.
- 2009-жылдын 22-майындагы КМШга катышуучу-мамлекеттерде чоңдорго билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы.

- Ошондой эле, КР 2030-жылга чейинки ТӨМ (туруктуу өнүгүү максаттары) 17 максатына жетишүүгө салым кошууга милдеттенме алгандыгын белгилей кетүү керек. ТӨМ бири анын милдеттери катары "сапаттуу билим берүү" болуп саналат, (ЧОББ байланыштуу)[13]:

- 2030-жылга чейин, бардык аялдар менен эркектердин кымбат эмес жана сапаттуу кесиптик жана жогорку билим алууга, анын ичинде университеттик билим алууга бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу (милдет 4.3)
- 2030-жылга чейин, жумушка орношуу, татыктуу ишке ээ болуу жана ишкердүүлүк үчүн талап кылынган жөндөмдөргө ээ болгон, ошондой эле кесиптик-техникалык жөндөмдөргө ээ болгон жаштардын жана чоңдордун санын көбөйтүү (милдет 4.4)
- 2030-жылга чейин билим берүүдөгү гендердик теңсиздикти жоюу жана калктын аярлуу топторуна, анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга, түпкүлүктүү калкка жана аялуу кырдаалда турган балдарга билим берүүнүн жана кесиптик техникалык билимге даярдыгын бардык деңгээлдеринде бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу (4.5-милдетт; билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн актуалдуу)
- 2030-жылга чейин, бардык жаштар жана дээрилик калктын чоң кишилерине кирген эркек кишилер, аялдар окуй, жаза жана эсептей алышат (4.6-милдет)
- 2030-жылга чейин, бардык окуучуларга туруктуу өнүгүүнү илгерилетүү үчүн зарыл болгон билимди жана көндүмдөргө ээ болушун камсыз кылуу, анын ичинде туруктуу өнүгүү жана туруктуу жашоо образы, адам укуктары, гендердик теңчилик, тынчтык жана зордук-зомбулуксуздук маданиятын жайылтуу, тынчтыктын жарандыгы жана маданий ар түрдүүлүктүн баалуулуктарын жана туруктуу өнүгүүгө маданияттын кошкон салымын түшүнүү (4.7-милдет; билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн актуалдуу).

[12] https://edu.gov.kg/ru/high-education/obrazovanie-dlya-vzroslyh-i-neformalnoe-obrazovanie/
[13] www.un.org

ЧОББ жаатындагы адистерди даярдоону жана кайра даярдоону каржылоонун сүрөттөлүшү формалдуу (БКББ, ОКББ, ЖКББ) жана формалдуу эмес секторлордун (өкмөттүк эмес билим берүү уюмдары) контекстинде берилген.

**Формалдуу сектор**

Чоңдорго формалдуу билим берүү мекемелерин каржылоо үч негизги булактан жүргүзүлөт: бюджеттик каржылоо, билим берүү тармагына иш берүүчүлөрдүн же эл аралык донорлордун каржылоосу жана билим алууга жарандардын өзүлөрү тарабынан төлөнүшү.

Чоңдорго билим берүүгө бюджеттик каржылоо төмөнкү түзүүчүлөрдү камтыйт:
- БКББ (биринчи кесиптик билим алган 14 жаштан 28 жашка чейинки адамдар үчүн);
- Бөлүнгөн гранттардын чегинде ОКББ жана ЖКББ;
- Жумушсуз жарандарга билим берүү;
- Мугалимдерди, дарыгерлерди жана мамлекеттик кызматкерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу.

**"Чоңдорго билим берүү" программасы "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга прогнозу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбооруна ылайык ББжИМ программалык бюджетинде чагылдырылган эмес.**

Бюджеттик чыгымдардын орто мөөнөттүү стратегиясы (БЧОМС) артыкчылыктуу өнүгүү багыттарына негизделген тармактык саясатты жүзөгө ашыруунун алкагында бюджеттик чыгым программаларын камтыйт. Ошентип, 2019-2021-жылдар аралыгында. "Билим берүү жана илим" секторунун бюджеттик чыгымдарынын алты программасы, анын ичинде "Чоңдорго билим берүү" программасы түзүлдү. Бирок, 2020-жылга бекитилген республикалык бюджетке ылайык, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга прогнозу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорунун алкагында бул программаны каржылоо БЧОМС Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын ажырагыс бөлүгү экендигине карабастан каралган эмес. Бирок белгилей кетүүчү нерсе, «Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программасы» чоңдорго билим берүү системасындагы мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга байланыштуу бюджеттик чараларды камтыйт. Мисалы, " БКББ окутуучу кадрлардын жана өндүрүштүк окутуунун устаттарынын квалификациясын жогорулатуу", " Орто кесиптик билим берүүдө окуучуларга инклюзивдик билим берүү жана тарбиялоо, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, окутууну санариптештирүү жана баалоо".

Бул изилдөөнүн киришүүсүндө көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасында ЧОББ катары 16 жаштан жогору адамдарга билим берүүнү түшүнүшөт, 16 жаштан жогору адамдарды окуткан БКББ, ОКББ, ЖКББ мекемелериндеги, жана башка окуу борборлорундагы окутуучулар андрагог-окутуучуларга таандык. Мамлекеттик бюджеттин алкагында, ЧОББ жаатындагы бул адистерди окутууну жана кайра даярдоону каржылоо фрагменттештирилди жана ар кандай бюджеттик беренелерге ылайык бөлүштүрүлдү. Чыгымдардын бюджеттик классификациясына ылайык, жашы жеткен калкты окутууга жана кайра окутууга байланыштуу беш берене бар. (2-таблица).

***2-таблица 2019-жылы чыгымдардын экономикалык классификациясына ылайык, чоңдорду окутууга жана кайра даярдоого мамлекеттик бюджеттин беренелери, сом***

| № | Беренелердин аталышы | Республикалык бюджет | Жергиликтүү бюджет |
|---|---|---|---|
| 1 | Мамлекеттик кызматкерлерди окутуу чыгымдары | 1 399 340,04 | 1 655 665,00 |
| 2 | Кыска мөөнөттүү негизде кесиптик билим берүүчү уюмдарда жашы жеткен калкты окутууга жана кайра даярдоого чыгымдар | 24 500,00 | 60 000,00 |
| 3 | Адистерди окутууга жана кайра даярдоого чыгымдар | 145 550,00 | 180 180,00 |
| 4 | Кесиптик окутуу чыгымдары | 35 649 560,52 | 0,00 |
| 5 | Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | 1 867 805 926,92 | 395 212 663,00 |

Сунушталган беренелер ЧОББ жаатынын адистерин даярдоого, кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга багытталган каржылоонун толук көлөмүн чагылдырбайт, анткени бул беренелерде адистердин квалификациясын жогорулатуу менен түздөн-түз байланышпаган чыгымдардын башка категориялары камтылышы мүмкүн. (тренерлер). Мисалы, аларга "кошумча төлөмдөр жана компенсациялар" беренесинде кызматкерлердин кесиптик билим алууга, квалификациясын жогорулатууга же башка кесиптерге үйрөтүүгө багытталган окуу мезгилиндеги төлөмдөр гана эмес, ошондой эле сыйлык акыларды, материалдык жардамдарды, жылдык өргүүлөрдү төлөө чыгымдары, окуу өргүүлөрү, пайдаланылбаган өргүү үчүн компенсация ж.б кирет. Ушуга байланыштуу, ушул бюджеттик классификацияны жана чогултулган статистикалык маалыматтарды эске алуу менен, ЧОББ жаатында адистерди даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга багытталган мамлекеттик каржылоонун так көлөмүн эсептөө мүмкүн эмес.

Төмөндө ЧОББ жаатында адистерди окутуу системасын каржылоонун башка өзгөчөлүктөрү келтирилген.

- *Башталгыч, орто жана жогорку билим берүүчү мамлекеттик мекемелердеги педагогдорду кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу*

Башталгыч кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-46-беренелерине ылайык мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланат. Мындан тышкары, БКББ билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржыланат. Кесипке даярдоого, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну жана кайра даярдоону каржылоого кызыкдар уюмдардын, ал эми жумушсуздар - Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү фондунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

БКББ, ОКББ мекемелердин адистеринин квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого бөлүнгөн каражаттар мамлекеттик бюджеттен жана бюджеттен тышкаркы фонддордон бөлүнөт. БКББ, ОКББ адистеринин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган илимий-методикалык колдонмолор негизинен эл аралык донорлордун каржылык колдоосу жана бюджеттик каражаттардын эсебинен иштелип чыгат.

ОКББ жана ЖКББ мамлекеттик билим берүү уюмдары лицензиялоо стандарттарынын чектеринде уюштуруучунун эсебинен каржыланган каражаттардан ашыгыраак деңгээлде квалификацияланган эмгекти даярдоо жана чыгымдарды төлөө менен жеке жана юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдер боюнча билим алуу деңгээлиндеги тиешелүү адистерди даярдоого укуктуу. Мамлекеттик бюджеттен билим берүү уюмуна бөлүнгөн каражат казына тарабынан көзөмөлдөнөт. ОКББ, ЖКББ мамлекеттик билим берүү уюмдары өз каражаттарын колдонуу багытын жана тартибин анын ичинде эмгек акыга бөлүнгөн үлүшүн жана билим берүү уюмдарынын кызматкерлерин материалдык стимулдаштыруусун камкорчулар кеңештеринин макулдугу менен өз алдынча аныкташат.

**КМУУ Кейси**
Квалификацияны жогорулатуу жана кайра квалификациялоо бөлүмү (КЖКК)16 КУУнун кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу факультетинин түзүмдүк бөлүмү болуп саналат. КЖККнун негизги максаты - квалификация деңгээлине жана профессионалдык маселелерди чечүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүү зарылчылыгына байланыштуу университеттин окутуучулар жамаатынын теориялык жана практикалык билимин жаңылантуу, ошондой эле жалпы кругозорун кеңейтүү. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун мөөнөттөрү жана формалары Ж.Баласагын атындагы КУУнун бөлүм башчылары тарабынан, билим берүү программаларынын татаалдыгына жараша жана университеттин муктаждыктарына ылайык белгиленет. Квалификацияны жогорулатуу үчүн каржылоо КМУУнун бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарынын, билим берүү бөлүмдөрүнүн бюджеттен тышкаркы каражаттарынын, тартылган каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт. Лекторлорго эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 12-сентябрындагы №529 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн" Бир сааттык эмгек акынын шарттарын жана чендерин бекитүү жөнүндө "токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна ылайык түзүлөт. Бюджеттик каржылоо боюнча кызматкерлеринин "2011-жылдын 27-январындагы №30. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутууга тартылган мугалимдердин эмгек акысы жыл сайын бекитилген окутууга мамлекеттик заказдын аткарылышынын алкагында белгиленет жана 1 академиялык саатына 300 сомду түзөт.

Төмөнкү кейстер ЖОЖдордун кафедралары окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу алкагында каржылоонун ар кандай түрлөрүн өз алдынча чечип, ишке ашыра алаарын көрсөтүп турат.

**КРСУ кейси**
2004-жылдан бери Психология кафедрасында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу максатында "Университеттеги психология, педагогика жана окутуу усулдары" курсу киргизилген. КРСУнун окутуучулары бул курстардан акысыз өтүшөт, башка ЖОЖдордун окутуучулары үчүн курстун баасы 2400 сомду түзөт. Кафедранын окутуучулары модулдарды өткөрүп, лекцияларды окушат. Курсту өткөргөндүгү үчүн мугалимдерге эмгек акы төлөнөт.

«Психология» кафедрасындагы "Чакырылган профессор" программасынын алкагында, Москва жана Санкт-Петербург шаарларынан келген окутуучу-лекторлор лекция окушуп, кышкы жана жайкы мектептердин алкагында сертификаттарды берүү менен квалификациясын жогорулатуу курстарын өткөрүшөт. Бул программаны каржылоону жарым-жартылай университет төлөйт, жарым-жартылай курстун чыгымын окутуучулар өзүлөрү төлөшөт.

**ОшМУ кейси**
Англис тили кафедрасында жаңы окутуучулар 72 сааттык милдеттүү түрдө квалификациясын жогорулатуу курсунан өтүшөт. Курсту кафедранын окутуучулары өткөрүшөт, ошондой эле Бишкек шаарынан атайын адистер чакырылат. Англис тилинин жаңы мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курсун каржылоону университет өз мойнуна алат.

Квалификациясын жогорулатуу жаатында ЖОЖдордун мугалимдерге берген мүмкүнчүлүктөрүнөн тышкары, окутуучулар өз алдынча курстарды, семинарларды, тренингдерди, анын ичинде онлайн платформаларда өтүшөт.

- *ЭСӨМ нын жумушка орноштуруу кызматтары тарабынан окууга багытталган жумушсуздарды окутуу, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу*

Расмий жумушсуздар кесиптик билим берүү, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын багыты, анын ичинде билим алууга атайы чек менен акысыз кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укуктуу. Ошентип, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын багыты боюнча кесиптик билим берүү, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча кызматтарды камтыган жумушсуздарды социалдык колдоонун кепилдиктерин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Бирок, ЭСӨМ тарабынан көрсөтүлгөн мамлекеттик колдоо ЧОББ адистерин, башкача айтканда, бул учурда БКББ адистерин окутуу жана кайра даярдоо жаатындагы чыгымдарын түздөн-түз камтыбайт.

*Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо*

МКК мамлекеттик заказдын долбоорун түзөт жана мамлекеттик органдар жана жергиликтүү бийлик органдары менен макулдашып КР Өкмөтүнө жиберет.

КРӨ кийинки календардык жылга мамлекеттик бюджеттин долбооруна киргизүү үчүн берилген мамлекеттик заказдын долбоорун карайт. Мамлекеттик заказ боюнча окутууну каржылоо мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын керектөөлөрүнө ылайык түзүлгөн окутуу планынын негизинде жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик заказды каржылоо ушул максаттарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик заказды каржылоонун кошумча булактары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган каражаттар болушу мүмкүн[14].

Мисалы, төмөндө 2020-жылга түзүлгөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга жана кесиптик кайра даярдоого мамлекеттик заказдын бюджети келтирилген:

1. 3 окутуу модулун иштеп чыгуу үчүн: 3 х 50,000 сом = 150,000 сом
   Бекитилген окутуу модулдарынын негизинде электрондук билим берүү курстарын иштеп чыгуу:
   1 х 300,000 = 300,000 сом.
2. Кайра даярдоо курстары үчүн:
   100 академиялык саатка 320 адамды:
   320 адам х 100 академиялык саат х 28,5 сом = 912 000 сом.
3. Квалификацияны жогорулатуу курстары үчүн:
   2020 адам 72 академиялык саат:
   2020 адам х 72 академиялык саат х 28,5 сом = 4 145 040 сом.
   16 академиялык саатка 40 адамды тренерлер үчүн окутуу
   40 адам х 16 академиялык саат х 28,5 сом = 18 240 сом.
4. КР улуттук программалары боюнча окутуу курстары:
   36 академиялык саатка 640 адам: 620 х 36 х 28,5 = 636 120 сом.
   24 академиялык саатка 180 адам: 180 х 24 х 28,5 = 123 120 сом.
5. Кыргыз Республикасынын саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн окуу курстары:
   16 академиялык саатка 400 адам: 400 х 16 х 28,5 = 182 400 сом.

[14] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96814?cl=ru-ru

Жалпысынан, 2020-жылы 3540 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутууга, анын ичинде 40 болочок тренерлерди окутууга мамлекеттик заказды ишке ашыруу үчүн 6 466 920 сом керектелет.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматкерлерин жана муниципалдык кызматкерлерин окутууну координациялоо жөнүндө жобого ылайык, донорлордун эсебинен кызматкерлерди окутуу пландаштырылууда, ага төмөнкүлөр кирет:

- үч айга чейинки кыска мөөнөттүү окутуу программалары;
- үч айдан бир жылга чейинки мөөнөткө орто мөөнөттүү окутуу программалары;
- бир жылдык же андан ашык мөөнөткө узак мөөнөттүү окутуу программалары.

  Донорлор тарабынан каржыланган окутуу чет өлкөлөрдө да, Кыргыз Республикасынын аймагында да жүргүзүлүшү мүмкүн.

- Дарыгерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 31-июлундагы №303 "Кыргыз Республикасында медициналык жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жогорку окуу жайдан кийинки медициналык билимди мамлекеттин талаптарына ылайык каржылайт.

Клиникалык ординатураны каржылоонун булактары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:
● бюджеттик каражаттар (мамлекеттик заказ);
● саламаттыкты сактоо уюмдарынын каражаттары;
● жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттары;
● келишимдик негизде клиникалык ординатурага кирген адамдардын каражаттары;
● Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

**Формалдуу эмес сектор**

Формалдуу эмес билим берүү чыгымдары уюштуруучунун (уюштуруучулардын), мыйзамдуу иш-аракеттерди жүзөгө ашыруудан алынган каражаттардын, насыялардын, ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттардын жана юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын максаттуу салымдарынын эсебинен жүргүзүлөт.

ЧОББ жаатында адистерди окутуу жана алардын квалификациясын жогорулатуу үчүн эл аралык уюмдардын жеке каржылоосунун жана гранттарынын көлөмүн баалоо мүмкүн эмес, анткени бул система кыйла үзгүлтүккө учурагандыктан, тиешелүү статистикалар чогултулган эмес.

Формалдуу эмес билим берүүнү каржылоонун дагы бир куралы - жумушсуз жарандарды жумушка орноштуруу кызматтары тарабынан тендердик негизде жайгаштырылган окутуу (мамлекеттик сатып алуулар) боюнча буйруктардын аткарылышы болуп саналат. Мамлекеттик эмес кесиптик-техникалык билим берүү уюмдарында кызматкерлерди даярдоону каржылоо мамлекеттик аккредитациядан өткөн учурдан тартып жана кадрларды даярдоого мамлекеттик заказ болгондо жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат. Ушул эле схемага ылайык (мамлекеттик сатып алуулар аркылуу) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу үчүн өкмөттүк эмес сектордун провайдерлери тартылышы мүмкүн.

**Көндүмдөрдү өнүктүрүү фондунун кейси:**
КӨФ республиканын бардык аймактарындагы кесиптик лицейлердин, колледждердин жана жеке окуу борборлорунун базасында кыска мөөнөттүү курстарды уюштурат. 2016-жылдан бери АӨБдүн каржылык колдоосу менен фонд жумушсуздарды жана башка кызыкдар адамдарды акысыз окутуп, квалификациясын жогорулаткан. АӨБ үчүн шарттардын бири КӨФ

институционалдаштыруу болгондуктан, Фонд башка каржылоо булактарын, анын ичинде бенефициарлардын жеке каржылоосун тарта баштады. Эми Фонд бюджеттик каржылоону алып, каржылык туруктуулукка жетишүү максатында ЭСӨМ алкагында мындан аркы ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Буга байланыштуу Фонд бюджеттик уюмдун статусун алуу жөнүндө Жарлык даярдады. Бирок, Кыргызстандагы пандемияга жана саясий туруксуздукка байланыштуу жарлык дагы деле каралып жатат жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кол коюла элек, натыйжада фонддун мындан аркы ишмердүүлүгү бүдөмүк бойдон калууда.

## ЧОНДОРГО БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДА АДИСТЕРДИ КЕСИПКӨЙЛӨШТҮРҮҮ ҮЧҮН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ЧӨЙРӨ

Изилдөөнүн жыйынтыгында, учурда (2020-жылдын октябрь айы) Кыргыз Республикасында ЧОББ сектору үчүн окутуучуларды (тренерлерди) даярдоо жана кайра даярдоо үчүн жооптуу адистештирилген институт жок. Адистерди / тренерлерди даярдоо системасы жана мамлекеттик мекемелердин жоопкерчилиги да өтө бытыранды. Төмөндө ЧОББ адистерин даярдоо жана кайра даярдоого байланыштуу ар кандай деңгээлдеги мамлекеттик мекемелер жана кесиптик мамлекеттик органдар мисалга келтирилген. (3-таблица)

***3-таблица. Чоңдорго билим берүүдө кадрларды окутуу жана / же кайра даярдоо үчүн жооптуу мамлекеттик эмес сектордун субъектилери жана алардын ролдору***

| Субъект | ЧОББ жаатынын ролу |
|---|---|
| **ББжИМ** | ББжИМ билим берүү чөйрөсүндө жалпы саясатты, анын ичинде ЧКББ жаатындагы саясатты жүзөгө ашырат. Адистерди кесиптик жактан кайра даярдоонун программаларын ишке ашыруунун тартиби жана шарттары ББжИМ тарабынан тиешелүү профилдеги башка мамлекеттик органдар менен бирдикте аныкталат. Кесиптик кайра даярдоонун багыты кошумча кесиптик билим берүүчү билим берүү уюму тарабынан табыштамачы менен макулдашуу боюнча аныкталат. Ушул жерден белгилей кетүүчү нерсе, учурда ББжИМ бир дагы түзүмдүк бөлүмү ЧОББ жаатында бирдиктүү саясатты камсыз кылуу, ошондой эле ЧОББ жаатында адистерди даярдоону жана алардын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу боюнча иш алып барбайт. ББжИМ кошумча билим берүү бөлүмүндө ЧОББ боюнча иш алып барган бир гана штат бирдиги бар. Жакынкы аралыкта ББжИМ ЧКББ жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүүнү пландаштырылган. |
| **БКББА, РИМБ** | БКББА баш ийген мекеме катары РИМБ, баштапкы кесиптик билим берүү системасынын инженердик-педагогикалык жана башталгыч кесиптик билим берүүнү жетектөөчү кадралардын квалификациясынын деңгээлин жогорулатууга жооптуу. мыйзамдарга ылайык, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу 5 жылда бир жолу жүзөгө ашырылышы керек, бирок РИМБ ички жоболоруна ылайык, БКББ, ОКББ педагогдорунун квалификациясын жогорулатуу 3 жылда бир жолу жүргүзүлүшү керек. Ошол эле учурда, РИМБ окутууга же жаңыланууга муктаж болгон устаттардын агымын тейлегенге жетише албай тургандыгы белгиленет. Кадрлардын - устаттардын (андрагог -адистери) тез-тез алмашуусу байкалууда. Жеке секторлордон кошумча башка уюмдар тартылууда, ошондой эле ЧОББ адистерин эмгек көндүмдөрүнө үйрөтүү үчүн эл аралык уюмдардын өкүлдөрү тартылууда. |

| | |
|---|---|
| **БКББ,ОКББ, ЖКББ** | Билим берүү тармагынын жетекчилери педагогдордун кесиптик деңгээлин көтөрүүгө салым кошушу керек (1- таблицаны караңыз) |

Мындан ары ЧКББ жаатынада талапкерлерди (мамлекеттик кызматкерлерге, медициналык кызматкерлерге, жумушсуздарга ж.б.) окутуу процессин жөнгө салуучу ролун аткарган институттар көрсөтүлгөн, бирок аларды окуткан ЧББО адистерин окутуу, кайра даярдоо үчүн жооптуу эмес.

***3-таблица. Уландысы***

| | |
|---|---|
| **МКК** | МКК (мамлекеттик кадр кызматы) кызматкерлерди окутуу системасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон, жана кызматкерлерди түздөн-түз окутуу менен байланышкан жумуштарды аткарууга буйрукту түзүү жагынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат (жаңы окуу программаларын, модулдарды, окуу материалдарын, окуу куралдарын ж.б. иштеп чыгуу, кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу курстарынын жана темаларынын аталышы, окутула турган кызматкерлердин саны жана категориялары ж.б). Квалификацияны жогорулатуу жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамга ылайык үч жылда бир өткөрүлөт.[15]. ТОТ үчүн тренерлерди тандоо КРПМБА базасында өткөрүлөт. 2019-жылдан бери Академия билим берүү кызматтарын сатып алуу боюнча тендер өткөрүп келет, бирок ошону менен катар Академия кызыкчылыктардын кагылышынан улам сынакка катыша албайт. Кошумча билим берүү ишмердүүлүгүнө лицензиясы бар субъектилер тендерге мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу катыша алышат. Тренерлер милдеттүү түрдө өтө турган курстар каралган. |
| **ЭСӨМ** | Расмий жумушсуздарга жана жумуш издөөчүлөргө кесиптик даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу КР билим берүү уюмдарынын базасында калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү (ЭСӨМ) чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан ишке ашырылат. |
| **ССМ** | ССМ мамлекеттик заказды аныктайт жана медициналык жана фармацевтикалык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо чөйрөсүндөгү ишти координациялайт, менчигине жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан саламаттыкты сактоо уюмдарында медициналык персоналдын кыймылын көзөмөлдөйт. Медицина кызматкерлерин даярдоо жана кайра даярдоо лицензиясы бар медициналык мекемелерде жүргүзүлөт. КММДжКЖИ базасында медициналык кызматкерлердин, ЧОББ адистеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча курстар өткөрүлөт. |

- **Илимий изилдөөлө, Кыргыз Республикасында андрагогиканы жайылтуу, методикалык колдоо**

Кыргыз Республикасында ЧОББ жаатында адистерди даярдоо жана кайра даярдоо системасын өнүктүрүүгө тоскоол болуп жаткан себептердин бири - чоңдордун билимин илимий-методикалык жактан камсыздоонун жоктугу. Кыргыз Республикасында чоңдорго билим берүү жаатындыгы системалуу изилдөө жүргүзгөн мамлекеттик мекемелер, окуу борборлору жок.

КББА - билим берүүнү өнүктүрүүнүн илимий-теориялык багыттарын иштеп чыгууда илимий-педагогикалык уюмдардын күч-аракеттерин бириктирүүгө жооптуу мамлекеттик

[15] "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 30-майындагы No 75 мыйзамы (КР 2019-жылдын 30-июлундагы No 109 мыйзамынын редакциясына ылайык), 28-берене.

мекеме болуп саналат. КРББжИМ алдындагы Кыргыз билим берүү академиясы жөнүндө КР жобосуна ылайык, КББА педагогикалык илимди өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга,илимий педагогикалык кадрларды даярдоо жана мамлекеттик билим берүүнү башкаруу тарабынан аларды борбордук органдарга киргизүүгө, илимий жана педагогикалык кадрларды аттестациялоо, ошондой эле мектепке чейинки, мектептик билим берүү, орто, жогорку окуу жайдан кийинки жогорку кесиптик билим берүү баскычтарында билим берүү процессин илимий-методикалык жактан камсыздоого чакырылган.Бирок, чындыгында, академия тарабынан андрагогиканы жайылтуу жана аны изилдөө жаатында көзгө көрүнөрлүк натыйжаларга жетишүү болгон жок. КББА ЧОББ изилдөө үчүн бир штат бирдиги бар. Кыргыз Республикасында андрагогиканы өнүктүрүү тууралуу маселелерди илимий иш-чараларда жана тегерек столдордо бул илимий кызматкер алып чыгат. КББА өлкөдөгү андрагогиканын илимий, теориялык жана методикалык маселелерин өнүктүрүүгө жана жайылтууга кызыкдар жана жооптуу негизги субъектилердин бири катары эсептелиши керек.

Жалпысынан алаганда, формалдуу сектордогу илимий-методикалык иштелмелер чөйрөсүндөгү потенциал начар деп бааланат. РИМБ окутуунун сапатын камсыздоодо иштелменин мазмунун илимий-усулдук жана маалыматтык жактан, окутуунун заманбап усулдарын киргизүү жана аны башкаруу жактан камсыз кылуу аркылуу жүргүзөт. Бирок, бул функцияларды аткаруу үчүн тышкы адамдык жана финансылык ресурстар тартылган. Мисалы, мугалимдердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган илимий-методикалык иштер РИМБ, АӨБдүн, ББжИМ форматындагы жумушчу топтун алкагында жүргүзүлөт.

**ЧОББ жаатындагы адистерди даярдоо системасы**

- **Чоңдорго билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн учурдагы системасы андрагогиканын теориялык негиздерин камтыбайт**

Бүгүнкү күндө КР ЧОББ адистерин, тренерлерин, мугалимдерди окутуу үчүн чоңдорго билим берүү жаатында формаладуу жана формалдуу эмес секторлордо системалаштырылган атайы курстар жок. Билим берүү стандарттарында “андрагогика” окуу дисциплинасы менен түздөн-түз байланышкан сабактар жок, ал эми Билим берүү жана илим министрлигинде белгиленгендей, айрым ЖОЖдор бул сабакты кошумча сабак катары киргизүүгө укуктуу. Бул изилдөөдө сурамжылоо жүргүзүлгөн университеттердин саны чектелүү болгондуктан, учурдагы отчетто университеттерде "андрагогика" дисциплинасы окутулбайт деп айтылбайт. Изилдөөдө Андрагогикага байланыштуу модулдарды камтыбаган төрт университеттен сурамжылоо жүргүзүлдү. Эксперттик баалоо боюнча, ЧОББ адистери андрагогиканын айрым элементтерин психология сыяктуу дисциплинанын алкагында алышат.

*Терең маектешүү учурунда респонденттердин көпчүлүгүндө “андрагогика” термини жөнүндө түшүнүк жок экендиги аныкталды.*

Кыргызстанда учурдагы чоңдорду окутуу боюнча адистерди даярдоонун жалгыз курсу Curriculum globALE окуу программасы болуп саналат. Бул глобалдык программа дүйнө жүзү боюнча чоңдорго билим берүү жаатында иштеген окутуучулардын квалификациясынын баштапкы рамкасын аныктайт. Программанын авторлору Германиянын Элдик Университеттер Ассоциациясынын Эл аралык Кызматташуу Институту (DVV International) жана Германиянын Чоңдорго Билим Берүү Институту - Лейбниц (DIE) атындагы Өмүр бою Билим берүү Борбору болуп сналат.

- **ЧОББ жаатында адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу алкагындагы эл аралык жана коомдук уюмдардын өз ара аракет жүргүзүү иши чет элдик жана жергиликтүү эксперттерди тартуудагы курстарды, семинарларды, тренингдерди өзүнө камтыйт. (формалдуу сектор менен өз ара аракеттенүүсүз)**

- Учурда ЧОББ жаатында эң көп колдонулган термин "ТОТ" (англисче "Training Trainers" - тренерлер үчүн окутуу) - бул тренерлердин, анын ичинде ЧОББ адистеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча тренингдер болуп саналат. Эл аралык программалар, ассоциациялар, коомдук коммерциялык эмес уюмдар белгилүү бир тармактын жергиликтүү адистерин чакырышат, ошондой эле белгилүү бир долбоордун алкагында квалификациясын жогорулатуу жана тренерлерди окутуу үчүн эл аралык эксперттерди тартышат. Квалификацияны жогорулатуу боюнча ТОТ өткөрүү донорлордун шарттарына жана талаптарына жараша жеке өткөрүлөт. Окуутуу жана методикалык иштелмелер донордук уюмдар тарабынан берилет же конкреттүү долбоорлор менен жалданган андрогог-адистер иштеп чыгышат.

**Англис тили мугалимдеринин ассоциациясы** жыл сайын Кыргыз Республикасынын бардык аймактарынан 200дөн 400гө чейин мугалимдерди окутат. Анын тренердик курамында 15 киши бар. Өз кезегинде, алар АКШнын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин колдоосу жана англис тилинин стипендианттары программасынын алкагында окутуучулардын катышуусу менен окутуу тренингдеринен өтүп келишет (чет өлкөлүк мугалимдер - англис тилин билгендер, Кыргызстандагы белгилүү бир уюмга тартылышкан жана дайындалган). Алар ассоциациянын тренерлери үчүн окуу куралдарын иштеп чыгышат жана аларды окутушат**.**

Ошондой эле анализдин натыйжасында жеке өнүгүү менен алектенген жана чет өлкөлөрдө эмгек ишмердүүлүгүнүн жаңы түрүн өздөштүрүүгө кызыкдар болгон ЧОББ адистеринин сегменти аныкталды.

**«Бизнес-консультанттардын клубунун» кейси**

Улуттук консультанттык жумушчу күчүнүн кесиптик потенциалын өнүктүрүүгө багытталган ЕРӨБ программасынын алкагында, Кыргыз Республикасынан ЕРӨБ жана PEAK компаниясынын консультанттары үчүн этика боюнча тренинг өткөрө алган алты консультант аяктады. Бул курста CMC Казакстан жана CMC Global (Лондон) тарабынан иштелип чыккан "Консультанттын этикасы" программасынын алкагында CMC Казакстандагы тренерлер-консультанттар тарабынан лекциялар окулду. Бул курсту аяктагандан кийин, бир нече ТОТ дагы өткөрүлдү (оффлайн жана онлайн).

Бизнес Консультанттар Клубунун алкагында, ЕРӨБдүн колдоосу менен 2019-жылдан бери, ЕРӨБдүн чакан жана орто бизнести колдоо программаларында иштеген консультанттар үчүн тренингдер өткөрүлүп келет. Курстан өткөн алты консультант бул тренингди өткөрүшөт. Аккредитацияланган консультанттардын тизмесине кирүү үчүн ушул лекцияга катышып, сертификат алууга учурда милдеттендирилген талаптар киригизилүүдө. 2019-жылдан бери бул лекцияларга болжол менен 60-70 адам катышты.

Бизнес-консультанттар клубу Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында чакан жана орто бизнес менен иштеген ар кандай консультанттарды бириктирүү менен ыктыярдык башталышта иштейт. Клуб азыркы учурда ар кандай багыттагы консультанттарды тутумдаштыруу боюнча ишти баштады (учурда клубда 60ка жакын консультант бар). Ошентип, этика, стратегия, маркетинг ж.б. комитеттери түзүлгөн.)

Өкмөттүк эмес уюмдарда (ӨЭУ) иштеген көптөгөн ЧОББ адистери окуутуучулук ишмердүүлүгүн (чоңдорго билим берүү) ар кандай тармактардагы кесиптик ишмердүүлүк менен айкалыштырып иштешет (маркетинг, медиация, аудит, IT, консалтинг, изилдөө ж.б.). Коммерциялык эмес уюмдарда тренерлерди окутуу негизинен эл аралык донорлордун колдоосу менен жүргүзүлөт. Мисалы, англис тил мугалимдеринин, информатиканын, журналисттердин ассоциациялары көпчүлүк учурда ЧОББ адистеринин квалификациясын жогорулатуу иштери донорлордун эсебинен жүргүзүлөт (GIZ, USAID, JICA, DVV International ж.б.) же айрым учурларда өзүнүн багыты боюнча параллелдүү түрдө кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүү менен ыктыярчылык негизде ишке ашырылат.

**ЧОБ** адатта донордук долбоорлорду, мамлекеттик тапшырыктарды жана жеке курстарды биргеликте жүргүзөт. ЧОБ туруктуу негизде тренерлер менен толук эмес иш график менен түзүлгөн келишимдер бар. Жумушка кабыл алууда кесиптик билими жана иш тажрыйбасы милдеттүү түрдө эске алынат. ЧОБ чет элдик тренерлерди тартуу жана тренерлерди чет өлкөгө практикага жөнөтүү тажрыйбасына ээ, бирок негизинен тренингдерди жергиликтүү андрагог -адистери Бишкекте өткөрүшөт.

Туруктуу тренерлерден курамы бар, чоңдор үчүн окутуу жана консультация берүүгө адистешкен бейөкмөт уюмдар дагы бар. Аларды даярдоо уюмдун эсебинен жүргүзүлөт жана жарым-жартылай донорлор тарабынан каржыланат.

**TES-Борбору (Окутуу жана консультация берүү борбору**

Бул КЭУ андрагогикалык адистер катары иштешет ошол эле борбордо тийиштүү окуудан өткөн агрономдор иш алып барат. Стажировакасы андрагогиканын элементтерин камтыйт жана бир жылга жакын созулат. Бишкектеги кеңседе тренерлердин курамы үч адамдан, Оштогу кеңседе 7 адамдан турат.

- **ЧОББ адистерин даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу үчүн формалдуу жана формалдуу эмес билим берүү секторлорунун ортосундагы кызматташтык**

КББ формалдуу структураларына кээде ар кандай формалдуу эмес түзүмдөрдүн негизинде иштеген (окутуу топтору, семинарлар, окутуу жана кайра даярдоо ж.б.) формалдуу түзүмдөрүнө айкашат. Мисалы, мамлекеттик мекемелер имараттарды ыктыярдуу түрдө беришет жана техникалык жабдыктар менен камсыз кылышат.

Тендерлердин жана жеке тапшырыктардын негизиндеги КБББ (Кошумча билим берүү борбору).

Негизинен алар бизнес секторуна, эл аралык уюмдарга жана мамлекеттик секторго кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча тренингдерди өткөрүп турушат. Бирок, каржылоонун аздыгына байланыштуу мамлекеттик заказ сапатка эмес, санга багытталгандыктан, мамлекеттик сектор менен кызматташуулар алар үчүн анча кызыктуу эмес. Маркетинг, менеджмент, онлайн билим берүү, аналитика ж.б.у.с. чоң кишилерге билим берүү кызматтарынын кеңири түрү көрсөтүлгөндүктөн туруктуу тренерлик штат жок. Тренерлер суроо-талап жарарылышна карата, иш тажрыйбасына негизделген конкреттүү багыттардан чакырылат жана окутуу методикасы боюнча окутулат.

Расмий жумушсуздарды жана жумуш издегендерди кесипке окутуу БКББ жана ОКББ базасында жүргүзүлөт. ЭСӨМ 2019-жылы 99 мамлекеттик ичинен 89 мамлекеттик кесиптик лицейлер менен келишим түздү. Бул мамлекеттик лицейлердин арасында ЧОББ адаситеринин компетенциясын эске алганда көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын жогорулатууга түрткү боло турган атаандашуу жок экендигин билдирет. Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин башкы адисинин айтымында, буга айрым аймактарда 1-2 гана БКББ өкүлдөрү катышкандыгы себеп болду. Ошентип, мамлекеттик лицейлердин 90% жумушсуздарды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча мамлекеттик заказдарга тартылган. Атаандаштыкты күчөтүү максатында, ЭСӨМ мамлекеттик сатып алуулар аркылуу жеке провайдерлерди дагы тартуу мене ниш жүргүзөт. 2019-жылы жеке провайдерлер менен 35 келишим түзүлгөн. ЭСӨМ жеке провайдерлерге тендер аркылуу квалификациялык талаптарды коет, бирок жумушсуздар үчүн билим берүүчү кадрларды даярдоонун сапаты үчүн жооп бербейт. Жумушсуздарды окутуу ийгиликтүү болбогон жана башка мыйзам бузуулар болгон учурда, ЭСӨМ бул билим берүүчү провайдер менен кызматташууну токтотот. Ошентип, башталгыч жана орто билим берүү мекемелери башка мамлекеттик лицейлерге дагы, жеке билим берүүчүлөргө дагы татыктуу атаандаштыкты түзүү үчүн өз адистеринин өнүгүүсүнө жана квалификациясын жогорулатууга кызыкдар болушу керек.

Жогоруда белгиленгендей, ТОТ өткөрүү үчүн тренерлерди тандоо КР ПМБА базасында жүргүзүлөт. Кошумча билим берүү ишмердүүлүгүнө лицензиясы бар субъекттер тендерге мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу катыша алышат. Тренерлер үчүн курстар каралган, алар милдеттүү түрдө андан өтүшү керек. Аларга стажы, окутуучулук тажрыйбасы, практикалык тажрыйбасын аныктоочу талаптар коюлат. Негизинен, бул тренерлер - жергиликтүү эксперттер жана ЖОЖ магистратурасынын окутуучулары болуп саналат.

- **Электрондук билим берүүнү алга жылдыруу жана ДМЧ адамдарга жардам берүү үчүн формалдуу жана формалдуу эмес билим берүү мекемелеринин ортосундагы кызматташтык**

**Эл аралык уюмдун колдоосу менен коомдук провайдерлер жана ЖОЖ менен болгон ЭСӨМ өз ара аракет жүргүзүү кейси**

2019-жылы Эмгек жана социалдык өнүктүрүү минсирлиги ББжИМ, КПТКИЧА (Кыргыз Программалык камсыздоону жана тейлөөнү иштеп чыгуучулардын Ассоциациясы) биргеликте, GIZдин каржылык колдоосу менен, "Ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн веб-өнүктүрүү" жаңы курсун баштады. БКББ базасында окутуу провайдерлери жаңыланып, материалдык-техникалык жабдуулар менен камсыз болушту (пандустар, столдор ж.б. орнотулду). Биз КМКТАУнун алдындагы Жаңы инновациялык технологиялар институтунун тиешелүү багыттар боюнча окуу провайдеринин окутуучу адистерин окуткан эксперт -тренерлерин тарттык.  ЭСӨМ адиси тарабынан бул курсту киргизүү ийгиликтүү болду деген баа берилүүдө.

## МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО

Ушул жылы Кыргыз Республикасында БКББ, ОКББ жана ЖКББ мекемелеринин окутуучулары үчүн Мамлекеттик билим берүү стандарттары иштелип чыгып, талкууга коюлду. Аларда БКББ, ОКББ адистери тигил же бул позицияга ээ болууга тийиш болгон максаттар, милдеттер, ошондой эле компетенттүүлүктөр сүрөттөлөт. Бирок, жалпысынан алганда, эмгек рыногунун тиешелүү сегменттеринин керектөөлөрүнө жооп бере турган андрагогдордун квалификациясын баалоо системасы али иштелип чыга элек. Ушуга байланыштуу, жалпы кабыл алынган адекваттуу баалоо критерийлери жок болгондуктан, ЧОББ адистерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча программалардын эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун баалоо процедурасында кыйынчылык жаратылат. Бул сиситеманын алкагында формалдуу жана формалдуу эмес сектордогу институттар курстун аягында анкета жүргүзүү менен гана же болбосо бир аз убакыт өткөндөн кийинин курстун катышуучуларына телефон чалуу менен сурамжылоо жүргүзүү менен гана чекелишет.

ЭСӨМ тарабынан мониторинг механизмдерин киргизизгендигин дагы бир мисалы катары жумушсуз жарандарды лицейлерде окутууда, алардын окуу учурунда өздөштүргөн практикалык көндүмдөрүн баалоо үчүн ЭСӨМ аймактык органдарынын өкүлдөрүнүн жыйынтыктоочу экзамендерге катышуусун эсептөөгө болот. ЭСӨМ борбордук деңгээлинде кесиптик билим алгандан кийин жумушка орношкондордун эсеби жүргүзүлөт (маалымат чалуу жолу менен чогултулат), бул лицей көрсөткөн кызматтардын натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. (4-таблица).

***2-таблица. 2017-2019-жылдар аралыгында кесиптик билим берүүгө жиберилген жумушсуздардын саны***

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|
| Жумушсуздардын окууга жиберилиши | 7206 | 7300 | 7725 |
| Кесиптик билим алуудан кийин жумушка орношуусу | 70% | 53% | 47% |

Азыркы учурда, андрогог-адистердин окутуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасын чагылдырган ЧОББ адистерин окутуу жана кайра даярдоо системасынын деңгээлиндеги программаларга мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын иштеп чыгуу зарыл,

## II БӨЛҮМ. КӨЙГӨЛӨРДҮ АЛЫП ЧЫГУУ

1. **ЧОББ жаатында адистерди даярдоонун жана кайра даярдоонун комплекстүү сиситемасынын жоктугу.** ЧОББ менен байланышкан расмий жана расмий эмес секторлордун адистештирилген билим берүү мекемелеринин жана түзүмдөрүнүн болушуна карабастан, квалификацияны жогорулатуу иштерин адрогог адисинин компетенттүүлүгүнө ээ адистер жүргүзбөйт.
2. **Мамлекет тарабынан ЧОББ көйгөйлөрүнө жеткиликтүү көңүл бурулбайт.** Кыргыз Республикасында, мамлекеттик деңгээлде ЧОББ жаатында ЧББ адистерин, тренерлерди, окутуучуларды даярдоо системасы жок. Эгерде өнүккөн өлкөлөрдө андрагогиканын өнүгүшүнө жооп берген өзүнчө ведомстволор иш жүргүзүп жатышкан болсо, Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө бул жаатка жооп берген бөлүм дагы жок**.**
3. **Андрагогдун квалификациясын баалоо системасын стандартташтырууну жөнгө салуучу укуктук-ченемдик базанын жоктугу.**
4. **ЧОББ илимий-теориялык базасынын жана методикалык жабдуулардын жоктугу.** Бардык илимий-теориялык негиздердин көпчүлүк бөлүгү чет өлкөлөрдөн тартылган эксперттер тарабынан иштелип чыгат, бул ЧОББ адистеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн илимий-теориялык базасын камсыз кылуу үчүн жооптуу мекемелердин илимий жана стратегиялык потенциалынын жогору эместигин көрсөтөт. Негизинен чоңдорго билим берүү толук түрдө традициялуу педагогиканын принциптерине негизделген, чоңдорду окутуунун эффективдүүлүгүн бир кыйла төмөндөтөт. Формалдуу эмес сектордо кардарлардын керектөөлөрүнө жана уюмдардын талаптарына жараша илимий-методикалык база сырттан иштелип чыгат.
5. **ЧОББ адистерин даярдоо жана кайра даярдоо системасын каржылоонун так стратегиясынын жоктугу.** Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес дагы секторлордогу донордук жардамдын ишке ашырылышында жогорку деңгээлдеги фрагментардуук байкалат. Фрагментардуулук деп ЧОББ адистеринин даярдоо жана кайра даярдоо жөнүндө программаларын сиситемалуу колдоо көрсөтүүнүн жоктугу катары түшүндүрүлөт. Башкача айтканда, финансылык салымдарды аз гана максатка жетүүгө багыттаса жана финансылык салымдарды ЧОББ даярдоо системасындагы көптөгөн милдеттерге чачыратып салбаганда, бөлүнгөн донордук каражаттардын эффективдүүлүгү жогору болмок.
6. **Статистикалык жана маалыматтык камсыздоонун фрагментардуулугу байкалат**

## III БӨЛҮМ. СУНУШТАР

**Ченемдик-укуктук:**

1. **ЧОББ адистерин даярдоо жана кайра даярдоо системасынынын алкагында ченемдмк-укуктук базаны түзүү жана өнүктүрүү.** Ар кандай квалификациялык деңгээлдеги андрогог- адистерге талаптарды көрсөтүү менен, чоңдорго билим берүү жөнүндө мыйзамды иштеп чыгуу. Мамлекеттик билим берүү уюмдарында иштеген бардык ЧОББ адистери үчүн «Андрогогика» багыты боюнча милдеттүү түрдө квалификациясын жогорулатуу талабын киргизүү сунушталат.
2. **Андрогогика түшүнүгүн бекитүү.** Андрагогиканы өнүктүрүү жан алга жылдыруунун мониторинги жана көзөмөлдөө боюнча борбордук ведомствонун жоктугунан, системалык негизге ээ эмес көпчүлүк ведомстволор жана жеке секторлор ТОТ форматында окутулат. "Андрагогика" термини формалдуу эмес сектордогу билим берүү уюмдарында жана көпчүлүк мамлекеттик билим берүү уюмдарында иштеген адистер тарабынан колдонулбайт. КР кесиптердин улуттук классификаторуна андрогог кесибин бекитүү менен андрогогика маселелерин талкуулоо, андрогог-адистерге болгон муктаждык түшүнүгүн алга жылдыруу үчүн, илимий конференцияларды, иш чараларды өткөрүү зарыл.

3. **Түзүмдүк-уюштуруучулук:**

- **Андрагогиканын негиздерин билген ар кандай чөйрөдөгү тренерлердин курамын даярдоо жана кеңейтүү.** Анализдин жүрүшүндө андрагогиканын негиздерин билген, тиешелүү көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ кесипкөй тренерлердин жетишсиздиги аныкталды. ЧОББ адистерин даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу сиситемасын институтционалдаштыруу керек**.**
- Өлкөнүн стратегиялык курсуна карата, теориялык жана методикалык базаны өнүктүрүү жана бир нече кесиптик багыттар боюнча окуу курстарын иштеп чыгуу, квалификациясын жогорулатуу үчүн жогорку окуу жайларынын факультеттеринин базасында андрагогиканын негиздери боюнча өзүнчө окуу курсун киргизүү, ЖОЖ айрым багыттар боюнча андрагог адистерди тартуу үчүн эл аралык билим берүү тармагы менен кызматташуу мүмкүнчүлүгү бар.

4. **ЧОББ системасындагы окутуучулардын кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн материалдык жана материалдык эмес стимулдарды түзүү.** Адистердин кесипкөйлүгүнө түрткү болушу мүмкүн:

- Татыктууу эмгек акы менен камсыз кылуу.
- Жеңилдетүүгө мүмкүнчүлүктөр.
- Чет элдик стажировкалар

Кадрлардын эффективдүүлүгүнүн индикаторлорун түзүү (илимий иштелмелер, ЧОББ маселелери боюнча басма сөз беттеринде жарыкка чыгаруу) жана БКББ, ОКББ, ЖКББ системаларында ЧББ системасын өнүктүрүүгө кошокон салымы үчүн сыйлыктарды киргизүү мүмкүнчүлүгү бар.

5. **Көзөмөлдөө жана мониторинг системасын өркүндөтүү.**
ЧОББ адистерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу программаларына мониторинг жүргүзүү жана баалоо, ошондой эле алардын аткарылышын баалоо методологиясын иштеп чыгуу керек. Көрсөткүчтөр катары: илимий иштер жана өркүндөтүлгөн усулдарды түзүү, аларды практикага киргизүү, бүтүрүүчүлөрдүн регалиясы, угуучуларды жумушка орноштуруу, эл аралык стажировкаларга катышуу ж.б. эсептелет.

**Коммуникациялык:**

6. **Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин потенциалын чыңдоо үчүн расмий жана расмий эмес сектордун мекемелеринин байланыш тармагын түзүү.** Бул коммуникациялык тармак ар бир мамлекеттик ведомствонун алкагында андрогог инструкторлорду системалуу түрдө даярдайт.
7. **Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жана жеке сектордун ролун жогорулатуу.** Жумуш берүүчүлөрдүн биримдиги эмгек рыногунун тиешелүү сегменттеринин муктаждыктарына жооп берген кесиптик квалификация стандарттарын иштеп чыгууга көмөк көрсөтө алышат. Өнүгүүнүн тармактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен билим берүү кызматтарынын сапатын көзөмөлдөөнү жана квалификациялык талаптарды макулдашууну ишке ашыруу үчүн жумуш берүүчүлөрдү тартуу зарыл.

## АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


### ЧУА


- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- 2018-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын "БИРИМДИК, ИШЕНИМ, ЖАРАТУУ» өнүгүү программасы.
- 1999-жылдын 26-ноябрындагы № 129 "Башталгыч кесиптик билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы
- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы.
- 2013-жылдын 19-октябрындагы № 195 "Кыргыз Республикасында лицензиялоо жана лицензиялоо тсистемасы жөнүндө" мыйзамы
- 2015-жылдын 3-августундагы № 214 "Калкты жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө" мыйзамы
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому
- Бардыгы үчүн билим берүү боюнча Улуттук иш-аракеттер планы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 30-июлундагы № 504 токтому менен бекитилген)
- 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү стратегиясы
- Кыргыз Республикасында кошумча кесиптик билим берүү жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралында № 53 токтому менен бекитилген)
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-июнундагы N281 токтомунда редакцияланган Жумушсуз жарандардга кесипке даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобо.
- Донорлордун каражатынын эсебинен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматкерлерин жана муниципалдык кызматкерлерин окутууну координациялоо жөнүндө жобо
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы No 201 "Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө" токтому
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-августундагы № 462 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерин окутуу маселелери жөнүндө" токтому
- **Электрондук ресурстар:**
- DVV International веб-сайты: http://www.dvv-international-central-asia.org
- Башталгыч кеситик билим берүү Агентствосунун веб-сайты: http://www. kesip. kg/ru
- ЮНЕСКОнун Өмүр бою окутуу институтунун веб-сайты: https://uil.unesco.org.
- ББжИМ веб-сайты: https://edu.gov.kg/ru
- ЭСӨМ веб-сайты: https://mlsp.gov.kg
- Улуттук статистикалык комитетинин веб-сайты: http://stat. kg/en
- Ош мамлекеттик университетинин веб-сайты: https://www.oshsu.kg/
- Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын веб-сайты: http://cci.kg.
- Финансы министрлигинин окуу борборунун веб-сайты: http://uc.okmot.kg
- Көндүмдөрдү өнүктүрүү фондусунун веб-сайты: http://frn.kesip.kg/ru
- КР ЧУА электрондук базасынын маалыматы данных: http://minjust.gov.kg/ru/
- «Ачык бюджет» Электрондук порталы: https://budget.okmot.kg/ru

### Илимий макалалар, изилдөөлөр, баяндамалар:

- "Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү саясат" Е.В. Бойко, 2006
- «Педагогика жана андрогогиканын негиздери», М. Н. Кох, Т. Н. Пешкова, 2015
- UNESCO Institute for Lifelong Learning, 2009

## Тиркемелер

*1-тиркеме. **ЧОББ жаатындагы адистерди даярдоо жана кайра даярдоо системасынын негизги субъектилери жана жашы жеткен калкты окутуу жана кайра даярдоо системасы***



*2-тиркеме.* ***Кошумча кесиптик билим берүү, кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуудагы ЧОББ маселелерин жарым-жартылай жөнгө салуучу укуктук-ченемдик база***

| № | ЧУА аталышы | Акыркы редакциялоонун датасы | Ресурс үчүн ссылка |
|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы | 2018-жылдын 30-июлундагы N№76 редакциясында | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1216?cl=ru-ru |
| 2. | Кыргыз Республикасында кошумча кесиптик билим берүү жөнүндө жобо | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому менен өзгөртүлгөн | https://edu.gov.kg/ru/docs/polozhenie-o-dopolnitelnom-professionalnom-obrazovanii/ |
| 3. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому | | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96038 |
| 4. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 "Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө" токтому | | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/92984/20?cl=ru-ru |
| 5. | Жумушсуз жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобо | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-июнундагы № 281 токтомунун редакциясында | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/99150 |
| 6. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-августундагы № 462 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерин окутуу маселелери жөнүндө" токтому | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-январындагы № 40 токтомунун редакциясында | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96812?cl=ru-ru |
| 7. | Донорлордун эсебинен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматкерлерин жана муниципалдык кызматкерлерин окутууну координациялоо жөнүндө жобо | КРӨ 2014-жылдын 10-ноябрындагы № 631 токтому | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/97111 |
| 8. | Башталгыч кесиптик билим берүү жөнүндө" мыйзам | КРнын 2012-жылдын 10-апрелиндеги № 28 мыйзамынын редакциясында | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/292 |
| 9. | Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдөгү билим берүү уюму жөнүндө жобо | КРӨнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55078?cl=ru-ru |
| 10. | Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүдөгү билим берүү уюму жөнүндө жобо | КРӨнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55077?cl=ru-ru |
| 11. | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Милициянын генерал-майору Шабиров Жапар Шабирович | 2016-жылдын 16-сентябрындагы № 495 КРӨ токтому | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/99206 |

| № | ЧУА аталышы | Акыркы редакциялоонун датасы | Ресурс үчүн ссылка |
|---|---|---|---|
| | атындагы Республикалык Окуу Борбору жөнүндө жобо | | |
| 12. | Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 25-майындагы N№73 "Чакан ишкерчиликти мамлекеттик колдоо жөнүндө" мыйзамы | | http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202106 |
| 13. | 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы | | https://www.kgma.kg/pdf/KONCEPCIYa_Strategiya_razvitiya_obrazovaniya_KR_tdo_2020.pdf |
| 14. | 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы | | |
| 15. | 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегияс | | |

*3-тиркеме 3. Респонденттердин тизмеси*

| № | Түзүмдөрдүн аталышы | Аты-жөнү | Ээлеген кызматы | Контактылары |
|---|---|---|---|---|
| **Формалдуу сектор** | | | | |
| 1. | ББжИМ | Асан кызы Айнура | Кесиптик билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси | 620513, 0555000799 asankyzy75@mail.ru |
| 2. | ЭСӨМ | Туркебекова Наргиза Алтынбековна | Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү бөлүмүнүн башкы адиси | n_turkebekova86@mail.ru |
| 3. | РИМБ | Омурзакова Зейнеп Айтбаевна | Директор | 0773949181 |
| 4. | МКК | Исраилов Медербек Таалайбекович | Окуу жана тышкы байланыштар бөлүмүнүн башчысы | 620146 |
| 5. | КББА | Сакимбаев Илимбай Раисович | Кыргызстандагы андрагогигика жаатынын адиси | 0703436082 |
| 6. | КРПМБА башкаруу жана администрациялоонун жогорку курстарынын Экс-директору | Апсаматов Улукбек Аскатбекович | Көзкарандысыз эксперт | |
| 7. | ОшМУ алдындагы колледж | Зулпукарова Аида Капаровна | Чет тилдер факультетинин директору | 0773664467 |
| 8. | БААУ | Маматова Махинур | Психологиянын профессору | zoom |
| 9. | КРСУ | Чжен Ирина Николаевна | «Психология» кафедрасынын окутуучусу | 0555811702 |

| № | Түзүмдөрдүн аталышы | Аты-жөнү | Ээлеген кызматы | Контактылары |
|---|---|---|---|---|
| 10. | Медицинанын жогорку мектеби | Божанова Алия Есенкуловна | «Квалификацияны жогорулатуу» кафедрасынын директору | 0556163057 |
| **Формалдуу эмес сектор** | | | | |
| 11. | Балыкчы ЧОБ (КЧОА башкаруунун төрагасы) | Исабеков Бейшен Ишенович | Жетекчи | 0778911285 |
| 12. | Нарын ЧОБ | Алашова Бурул Мейманбаева | Жетекчи | 0550703815 |
| 13. | «Утан» ЧОБ Каракол | Токторбекова Эльмира Муслимовна | Жетекчи | 0772138471 |
| 14. | Youth of Osh | Назгуль Акылбек кызы | Программалык координатор | 0779622922 |
| 15. | Медиа байланыш боюнча республикалык окуу борбору | Лаишева Адель | Жетекчи | 0550332211 |
| 16. | Кошумча билим берүү борбору | Сластникова Наталья | Негиздөөчү/ директор | 0775986954 |
| 17. | Кыргызстандагы информатиктердин Ассоциациясы | Мамбетакунов Улан Эсенбекович | Ассоциациянын төрагасы | 0703436082 |
| 18. | Англис тили мугалимдеринин Ассоциациясы | Тешиева Мукадас | Ассоциациянын президенти | 0555878215 |
| 19. | TES «Окутуу жана консультация берүү борбору " | Чурокова Элиза | TES Бишкек филиалынын директору | 0551435495 |
| 20. | Бизнес консультанттар клубунун этика боюнча комитети | Таджибаева Салтанат | Тренер/консультант | 0555553535 |
| 21. | КББ «Бухгалтер жана аудиторлордун бирикмеси» | Таджибаева Салтанат | КББ «Бухгалтер жана аудиторлордун бирикмесинин» директорлор кеңешмесинин мүчөсү | 0555553535 |
| 22. | Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду | Абдырахманова Динара | Эмгек рыногунун консультанты | 0553705020<br>0312318-792<br>dinara.frn@gmail.com |
| 23. | Кыргызстандын улуттук медиаторлор тармагы | Апышев Сейитжан | Медиация тармагынын эксперти | 0707610108 |
| 24. | Жаштарды өнүктүрүү институту | Касмалиева Ажара | Программалык менеджер/ЧОББ жаатынын эксперти | 0706717002 |
| 25. | Бухгалтер жана аудиторлордун коомдук бирикмеси | Айдаркулова Канышай | КБ мүчөсү | 0772111148 |